**А.И Сурантаев атындагы Кемин№2 орто мектебинин 2021-2022- окуу жылындагы тилчилер бирикмесинин бир жылдык иштелген ишине анализ.**

2021-2022- окуу жылындагы тилчилер бирикмеси өзүнүн алдына койгон бир жылдык планын аткара алды. Окуу жылынын башында бирикменин жетекчиси жана окуу завучу менен бирдикте мектептин бир жылдык планынын негизинде бирикменин тематикалык планы иштелип чыккан. Ошол план мектеп жетекчиси тарабынан бекитилип тилчилер бирикмеси жыл бою иштеди.

Окуу жылынын башталышы менен мамлекеттик тил кунуунө карата бир айлык планды иштеп чыктык. Ошол эле мезгилде кыргыз тилчилердин декадасы уюшкандыкта өттү

Кыргыз тилчилер декадасы 23- сентябрдан 30 – сентябрга чейин өтүлдү. Декаданын ачылышы Мамлекеттик тилди даңазалаган флеш- моб менен ачылды.Декаданын графиги түзүлүп, түзүлгөн графиктин негизинде ачык сабактар өтүлдү.

Мамлекеттик тилди өнүктүрүү максатында түзүлгөн 3 айлык планда улуттук оюндар, каада – салт, улуттук буюмдар, сүрөт көргөзмөсү, көркөм окуу, ыр-бий конкурсттары өткөрүлүп, жыйынтык чыгарылды. Активдүү катышкан окуучуларга мектеп админстрациясы тарабынан мактоо баракчалары тапшырылды. Жыл боюнча түзүлгөн пландын негизинде методикалык опыт алмашуу жана мугалимдердин интелектуалдуулугун өнүктүрүү боюнча Жолдошбек кызы Нурзинат доклад окуп, талкууга алынды. Райондук иш-чараларга активдүү катышып, Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча район аралык көркөм окуу конкурсуна 10- классынын окуучусу Темирбекова Латипа жеңүүчү болду, ошондой эле НЦТ тесттеринде тилчилер жакшы көрсөткүчкө ээ болушту .

2- чейректин башталышы менен Метод бирикменин 2- кеңешмеси өтүп, 1- чейректин жыйынтыгын чыгаруу жана күндөлүк платформасын иш жүзүнө ашыруу жана ата- энелер менен тыкыз байланышта болууга аракет жасалды. МО нун планына ылайык 3- кеңешмеде сабак өтүүдөгү педагогикалык жана тарбиялык абалды козөмөлгө алып, күндөлүктөр жана дептерлердин абалы текшерилип, методикалык жардамдар көрсөтүлдү.

Декабрь айында пландаштырылган мектеп аралык олимпиада өткөрүлүп, жеңүүчүлөрдүн үстүндө иштеп, райондук олимпиадада тилчилер, байгелүү орундарга ээ болушту.

11- класстын окуучусу Азим уулу Марс кыргыз тили боюнча 1- орунга ээ болду. Мугалими; Садыкова Бермет.

10- класстын окуучусу Ишенбекова Айкерим кыргыз тили орус класстарында 2- орунга ээ болду. Мугалими: Жапарова Гулжан

10 –класстын окуучусу Каширина Кристина орус тилинен 3- орунга ээ болуп келишти. Мугалими: Ободова Мария.

Февраль айына пландаштырылган4- кеңешмеде орус тилчилердин декадасы болуп өттү. Орус тилчи мугалимдер бирден ачык сабак өтүштү. Декада “Эне тил” күнүнө туш келип,”Эне- тили- менин тилим” атуу кызыктуу класстан тышкаркы иш өтүштү.

Метод бирикменин 5- кеңешмесинде Мамлекеттик бүтүрүү экзаменине кызуу даярдыктар көрүлүп, консультациялар өтүлдү. ОРТга даярдыктар көрүлүп, катышып келишти. Ошентип, окуу жылы аяктап, бул жылы жетишилбей калган иштер МО нун 5- кеңешмесинде талкууланып келээрки окуу жылына иш пландар түзүлдү. 2021—2022- окуу жылынын жыйынтыгы чыгарылды. Быйылкы жыл жыйынтыгы тилчилер бирикмеси үчүн жаман жыл болгон жок олимпиадаларда мектеп боюнча кыргыз жана орус тилчи мугалимдер мыкты иштеп, байгелүү орунга ээ болду, эми ОРТ нын жыйынтыгын чыдамсыздык менен күтүп жатабыз.

2022- 2023- окуу жылынын келечек планында быйыл жетишилбей калган „Энелер мектебин“ колго алууну чечтик. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу жана тартип, тарбиясын жакшыртуу максатында ата –энелер менен тыкыз иштеп „Энелер мектебине“ энелерди окутуу максатын койдук.

Бекитемин

Мектеп директору:

Омуркулов К.Т.

**А.Сурантаев атындагы Кемин №2 орто мектебинин тилчилер бирикмесинин тематикалык планы.**

**2021-2022- окуу жылы.**

| **№** | **Иштелүүчү иштин мазмуну** | **Максаты** | **Мөөнөтү** | **Ким жооптуу** |
|---|---|---|---|---|
| | **1- кеңешме** | | | |
| 1 | 2020-2021-окуу жылындагы иштелген ишке анализ | МОнун өткөн жылкы жетишкендиктерин жана кемчиликтерин талкуулоо | Август | МО жетекчиси |
| | **2- кеңешме** | | | |
| 1 | 2021-2022- окуу жылындагы МО нун таматикалык иш планын бекитүү | План түзүү | Сентябрь | |
| 2 | Кийинки окуу жылына алынган милдеттеме жана жумалык жүктөмдөрдү бөлүштүрүү. | МО нун эффективдүү иштөөсүнө көңүл буруу жана кыйынчылыктардан чыгуунун жолдорун талкуулоо | | МО нун мүчөлөрү |
| 3 | Жаш мугалимдерге методикалык жардам берүү.Мамлекеттик тил күнүнө карата бир айлык план иштеп чыгуу | Методикалык жардам.Кыргыз тилин өнүктүрүү жана аны турмушта колдонууга багыттоо | | Англис тили мугалими жана кыргыз тил мугалимдери |
| 4 | Кыргыз тилчилердин декадасын өткөрүү | | | МО жетекчиси |
| 5 | Жыл ичинде методикалык опыт алмашуу боюнча семинар өткөрүү | Мугалимдердин профессионалдык деңгээлин жогорулатуу доклад угуу, талкуулоо | Октябрь | МО мүчөлөрү |
| 6 | Райондук иш- чараларга катышуу.Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн бир айлык планын жыйынтыктоо | | | Тилчилер |
| 7 | 1- чейректин жыйынтыгын чыгаруу | | ноябрь | МО мучөлөрү |
| | **3-кеңешме** | | | |
| 1 | Күндөлүк жана дептерлердин абалын текшерүү | Мугалимдердин жана окуучулардын ишин көзөмөлгө алуу | | МО мүчөлөрү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | Өздөштүрүүсү начар окуучулар менен иш алып баруу | Кошумча сабактарды өтүү | | Мугалимдер |
| 3 | ОРТга жана гуманитардык илимдерге даярдоо, олимпиадага даярдоо | Мугалимдин жана окуучунун билим сапатын көтөрүү | Декабрь | МО мүчөлөрү |
| 4 | 2-чейректин жыйынтыгы | Билим сапатын текшерүү мониторинг аркылуу салыштыруу | Январь | МО мүчөлөрү |
| | **4-кеңешме** | | | |
| 1 | Орус тили сабагынын жумалыгы | План түзүү | Февраль | Орус тилчи мугалимдер |
| 2 | "Эне тил" күнү | Эне тилин урматтоого тарбиялоо | | Мугалимдер, класс жетекчилер |
| 3 | Чет тил сабагынын жумалыгы | План тузүү | | Мугалимдер |
| 4 | Окуу проссесиндеги жаңы технологияны окуп үйрөнүү. Семинар "Сынчыл ой жүгүртүү" | Мугалимдердин профессионалдык компоненттүүлүгүн өстүрүү | | Дуйшекеева Ж.У |
| 5 | 3-чейректин жыйынтыгы | | Март | |
| | **5- кеңешме** | | | |
| 1 | Көчүрүү экзаменине чейинки материалдарды даярдоо. | Окуучуларга өтүлүүчү консультация берүү | Апрель | Мугалимдер |
| 2 | Мамлекеттик бүтүрүү экзаменине даярдануу | | | |
| 3 | Жылды жыйынтыктоо, 4- чейректи жана жылдык бааларды коюу | | Май | Мугалимдер |
| 4 | 2021-2022- окуу жылында иштелген иштин жыйынтыгын чыгаруу | | июнь | МО жетекчиси |